**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын
2024-ж. «01» 11
№ 3 протоколу

**БЕКИТЕМ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору
Н.К.Турусбекова
________________
2024-ж. «19» 11

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору
М.К. Чыныбаев
________________
2024-ж. «20» 11

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун билим берүүнүн сапаты Департаменттин директору
________________А.З. Эсенкулова
2024-ж. «___» _______

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжин НКББП камсыз кылууда окуу-методикалык шайкештигин баалоо жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул документ И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары Университет жана Колледж) НКББПны окуу-методикалык камсыздоого (мындан ары - ОМК) талаптарды белгилейт жана кызматкерлердин жана окутуучулардын укуктарын жана милдеттерин сарамжалдуу бөлүштүрүү, окутуучунун окуу-методикалык ишинин сапатын баалоо критерийлерин, окуунун сапатын жана дисциплинанын мазмунун, билим берүүнүн уюштуруу деңгээлин баалоо компоненттерин бекитет.

1.2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (ГОС СПО КР), окуу планына (мындан ары - ОП), негизги кесиптик билим берүү программасы (мындан ары - НКББП), “И.Раззаков атындагы КМТУнун окуу-методикалык комплекси жөнүндө” Жобо “И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин окуу-методикалык комиссиясы жөнүндө” Жобо жана Университеттин жана Колледждин башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. НКББПны окуу-методикалык жактан камсыз кылуу – бул Колледждин окуу процессин ченемдик укуктук актыларга ылайык натыйжалуу уюштуруу үчүн зарыл болгон окуу документтеринин (мындан ары - ОД) жана окуу-методикалык материалдардын (мындан ары - ОММ) жыйындысы.

1.4. Колледждин окуу процессин окуу-методикалык жактан камсыз кылуу НКББПнын дисциплиналарындагы билимдин учурдагы абалына шайкеш келиши жана Колледждин билим алуучуларынын талап кылынган жалпы кесиптик жана